**Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн 2015-жылдын январь-июнь айларындагы динамикасы**

2015-жылдын январь-июнь айларында экономиканын өсүш арымдары (УСКнын алдын ала маалыматтары боюнча) 7,3 пайызды түзгөн (2014-жылдын январь-июнь айларында – 4,1 пайыз), "Кумтөр" алтын казып алуу ишканаларын эске албаганда, реалдуу ички дүң өнүм (ИДӨ) 4,4 пайызга (2014-жылдын январь-июнь айларында – 3,5 пайызга) өскөн.

2015-жылдын июнь айында инфляция жылдык мааниде алганда 4,5 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын июнь айында – 8,5 пайыз); базалык инфляция 7,8 пайызды түзгөн (2014-жылдын июнь айында – 7,0 пайыз).

Жыл башынан бери АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 1 АКШ доллары үчүн 5,4 пайызга өсүп, 62,0788 сомду түзгөн (2014-жылдын январь-июнь айларында – 5,7 пайыз).

Өтүп жаткан жылдын январь-июнь айлары ичинде акча базасы 65 062,6 млн сомду түзүү менен 0,9 пайызга өскөн (2014-жылдын январь-июнь айларында 1,7 пайызга төмөндөгөн), анын ичинде жүгүртүүдөгү акча башка депозиттик корпорацияларынын камдарынын 23,3 пайызга көбөйгөн шартта, 2,0 пайызга азайган.

2015-жылдын июнь айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмү төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- жүгүртүүдөгү акчанын үлүшү 86,0 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорацияларынын камдарынын үлүшү 14,0 пайыз чегинде катталган.

Башка депозиттик корпорацияларынын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар жыл башынан бери 6 807,6 млн сомду түзүү менен 1,7 пайызга көбөйгөн, үстөк камдар 228,8 пайызга 2 315,2 млн сомго чейин өскөн (2014-жылдын январь-июнь айларында милдеттүү камдар 7,9 пайызга өскөн, ал эми үстөк камдар 35,9 пайызга төмөндөгөн).

Акча базасынын өсүшү, Өкмөттүн операциялары менен шартталган, алар 2015-жылдын январь-июнь айлары ичинде акча базасын 6,9 млрд сомго көбөйткөн. Улуттук банктын операциялары тескерисинче, акча базасын 6,3 млрд сомго кыскарткан.

Өтүп жаткан жылдын январь-июнь айлары ичинде акча базасына эң башкысы, Улуттук банктын төмөнкү операциялары таасир эткен:

- валюта интервенциялар акча базасын 8,5 млрд сомго азайткан;
- кредиттик аукциондор – январь-июнь айлары ичинде берилген каражаттардын дүң көлөмү 1,5 млрд сомду түзгөн;
- ички рынокто алтынды сатып алуу - 0,2 млрд сомго азайткан.

Улуттук банк ошондой эле январь-июнь айлары ичинде арылтуу операцияларын (ачык рынокто операцияларды жүргүзүү жана "овернайт" депозиттери) ишке ашырган, алардын орточо күндүк көлөмү 1,2 млрд сомду түзгөн.

2015-жылдын январь-июнь айлары ичинде таза чет өлкө активдери эң башкысы, таза эл аралык камдардын 6 156,7 млн сомго өсүшүнүн эсебинен 6,5 пайызга (же 6 775,0 млн сомго) көбөйгөн. Алтын кендерди иштетүүдөн акча каражаттарынын келип түшүүсү таза эл аралык камдардын өсүшүнүн негизги себебинен болгон.

2015-жылдын январь-июнь айларында дүң эл аралык камдар доллар эквивалентинде 1 960,9 млн АКШ долларын түзүү менен 2,3 млн. АКШ долларга азайган.

2015-жылдын январь-июнь айларында таза ички активдер 15,3 пайызга же 6 184,3 млн сомго (өткөн жылдын ушул эле мезгили ичинде – 16,9 пайызга) азайган. Таза ички кредиттердин төмөндөөсүнө Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусун капиталдаштыруу үчүн каражаттардын келип түшүүсү жана Өкмөттүн депозиттеринин өсүшү (Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусунун каражаттарын эске албаганда) менен байланыштуу таза ички кредиттердин 5 255,2 млн сомго азайышы негизги салымды кошкон. Ошондой эле башка статьялардын 2 615,7 млн сомго төмөндөөсү салымды кошкон, алардын ичинен курстук айырманы жүзөгө ашыруудан түшкөн киреше 2 317,8 млн сомду түзгөн. Таза ички активдердин өсүшүнө эң башкысы, капитал эсебинин Кыргыз Республикасынын бюджетине Улуттук банктын пайдасына чегерүүгө байланыштуу 4 560,4 млн сомго көбөйүшү салымды

кошкон. Мындан тышкары, таза ички активдер түзүмүндө Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусунун каражаттарын Өкмөттүн эсептеринен аталган фонддун өзүнчө эсебине которуу болуп өткөн, бул Улуттук банктын башка финансы корпорациялардын алдында милдеттенмелеринин 9 274,7 млн сомго көбөйүшүн шарттап, Өкмөттүн депозиттеринин азайышына салым кошту. Бүтүндөй алганда, Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусунун каражаттарынын таасирин эске албаганда, Өкмөттүн депозиттери 5 243,8 млн сомго өскөн.

**Акча топторунун өзгөрүүсү**

Банктардан тышкаркы нак акчадан жана улуттук валютадагы депозиттерден[1] турган *М2 акча топтому* 2015-жылдын январь-июнь айларында 78 984,0 млн сомду түзүү менен 4,1 пайызга азайган (2014-жылдын январь-июнь айлары ичинде 0,5 пайызга көбөйгөн).

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 2015-жылдын январь-июнь айларында 125 777,1 млн сомду түзүү менен 1,0 пайызга көбөйгөн, бул эң башкысы, башка депозиттик корпорацияларынын депозиттеринин 2,1 пайызга 74 151,1 млн сомго чейин өсүшү менен шартталган (2014-жылдын январь-июнь айлары ичинде М2Х 3,6 пайызга көбөйгөн).

М2Х акча массасынын түзүмү төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкаркы нак акчанын үлүшү – 41,0 пайыз (2014-жылдын 1-июлуна карата – 48,9 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү – 21,8 пайыз (2014-жылдын 1-июлуна карата– 24,1 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 37,2 пайыз (2014-жылдын 1-июлуна карата – 27,0 пайыз).

Чет өлкө валютасындагы депозиттер 46 793,1 млн сомду түзүү менен 11,0 пайызга өскөн. Алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – 5,1 пайызга өскөн, улуттук валютадагы депозиттер 10,2 пайызга 27 357,9 млн сомго чейин кыскарган. Натыйжада, депозиттердин жалпы көлөмү 2015-жылдын январь-июнь айларында 74 151,1 млн сомду түзүү менен 2,1 пайызга өскөн (2014-жылдын январь-июнь айлары ичинде 8,4 пайызга өскөн).

М2Хте камтылган депозиттердин долларлашуу деңгээли өтүп жаткан жылдын июнь айынын акырына карата жыл башындагы деңгээлге салыштырганда 5,1 пайыздык пунктка көбөйүү менен 63,1 пайызды түзгөн.

*Экономикага кредит*[2] 2015-жылдын январь-июнь айларында 90 962,5 млн сомду түзүү менен 10,7 пайызга, ал эми алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – 7,7 пайызга өскөн (экономикага кредит 2014-жылдын январь-июнь айларында тиешелүүлүгүнө жараша 21,1 жана 17,4 пайызга өскөн).

2015-жылдын январь-июнь айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 110 097,2 млн сомду түзүү менен 1 507,6 млн сомго (1,4 пайызга) (өткөн жылдын ушул эле мезгил ичинде – 0,6 пайызга) көбөйгөн.

2015-жылдын июнь айынын акырына карата банк тутумунун таза ички активдери 274,8 млн сомго же 1,7 пайызга азаюу менен 15 680,0 млн сомду түзгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгил ичинде 24,0 пайызга көбөйгөн).

Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык, 2015-жылдын июнь айынын акырында эсептик чен 9,50 пайыз деңгээлде белгиленген (өтүп жаткан жылдын май айынын акырына карата деңгээлге салыштырганда өзгөрүүсүз калган). Ушуга байланыштуу, “овернайт” кредиттери жана депозиттери боюнча пайыздык коридордун жогорку жана төмөнкү чектеринин чендери тиешелүүлүгүнө жараша 12,00 жана 3,00 пайыз деңгээлде өзгөрүүсүз калган.

2015-жылдын июнь айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталар кирешелүүлүгү 9,50 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2015-жылдын 1-июлуна карата 1,933, М2 мультипликаторунуку – 1,214

---

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери.

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдарга, юридикалык жактарга жана башка финансы-кредит мекемелерге кредиттер.

чегинде катталган (2014-жылдын июнь айынын акырына карата тиешелүүлүгүнө жараша 1,741 жана 1,272).

Июнь айынын акырына карата М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 29,2 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 19,3 пайызды түзгөн (2014-жылдын июнь айынын акырына карата – тиешелүүлүгүнө жараша 32,0 жана 23,5 пайыз).

**Акча жүгүртүү ылдамдыгы**

Байкалып жаткан экономикалык өсүштүн алкагында экономикада акча массасынын көлөмүнүн кыскарышына байланыштуу, акча жүгүртүү ылдамдыгы өтүп жаткан жылдын баш жагындагы деңгээлге салыштырганда 0,1 пайызга өсүп, июнь айынын акырына карата 3,4 пайызды түзгөн М2Х боюнча).

Улуттук банктын кассасына 2015-жылдын январь-июнь айлары ичинде 29 180,1 млн сом келип түшкөн, 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 5 609,8 млн сомго же 16,1 пайызга азайган, ал эми берүүлөр 5 410,0 млн сомго же 16,2 пайызга азайып, 28 039,4 млн сомду түзгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына 2015-жылдын январь-июнь айлары ичинде 467 029,3 млн сом келип түшкөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 22 513,5 млн сомго же 5,1 пайызга көбөйгөн, ал эми берүүлөр 21 706,4 млн сомго же 4,9 пайызга көбөйүп, 467 224,3 млн сомду түзгөн.

Төлөм системасында 2015-жылдын январь-июнь айларында системада орун алган финансылык тобокелдик деңгээли минималдуу деңгээлде сакталган. Июнь айынын акырына карата жүгүртүү коэффициенти 0,39, ликвиддүүлүк коэффициенти – 2,57 чегинде катталган.